Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Embassy of Switzerland in the Kyrgyz Republic
Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын Элчилиги
Посольство Швейцарии в Кыргызской Республике

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE



# Муниципалитеттин деңгээлинде коомдук иш-чараларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн гендердик өңүттөрү

Колдонмонун максаты – коомдук иш-чараларды уюштурууда жана өткөрүүдө аялдар менен эркектердин бирдей укуктары жөнүндө муниципалдык кызматчылардын билимин жана маалымдуулугун жогорулатуу.

Колдонмо коомдук иш-чараларды пландаштырган муниципалдык кызматчыларга Кыргыз Республикасынын гендердик саясаты жана практикасы менен таанышууга мүмкүнчүлүк берет, коомдук иш-чараларды уюштурууда жана өткөрүүдө гендердик ыкмаларды киргизүү үчүн негиздерди жана инструменттерди сунуш кылат, бул иш-чаралардын күн тартибине/анда каралган маселелерге гендердик талдоо жасоого жардам берет.

Усулдук колдонмо “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында иштелип чыкты. Аталган Долбоорду Швейцариянын Өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырып келет.

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу, ошондой эле жарандардын жыйындары, чогулуштары жана курултайлары аркылуу эрктерин билдириши – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптеринин бири болуп саналат. Бул жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун негизги формалары болуп эсептелинет.

Коомдук иш-чаралардын катышуучуларынын курамында гендердик тең салмактуулук принцибин сактабоо чечимдердин сапатынын төмөндөшүнө алып келет. Бул иштин натыйжалуулугуна, жергиликтүү жамааттардын социалдык-экономикалык маселелерин чечүүнүн сапатына терс таасирин тийгизет.

Атүгүл ЖӨБ органдарына мыйзамдар менен Кыргызстанда гендердик саясатты ишке ашыруу милдети жүктөлгөн. Б.а. "*Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары гендердик саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу боюнча иш-чараларды аткарышат, тиешелүү мамлекеттик, аймактык жана жергиликтүү программаларды колдоо жагынан өз иш-аракеттерин мамлекеттик бийликтин аткаруучу органдарынын иш-аракеттери менен координациялайт*"[1]. Гендердик саясаттын негизги максаты гендердик теңчиликке жетүү экендигин эске алганда, жергиликтүү деңгээлде гендердик теңсиздикти жоюу маселелери ЖӨБ органдарына жүктөлгөнү айдан ачык болуп турат.

«Катышуучулардын курамынын/тизмесинин **гендердик теңдиги»** эки жыныстын тең өкүлү болушу керектигин билдирет, бир жыныстын өкүлү коомдук иш-чаралардын катышуучуларынын жалпы курамынын/тизмесинин 70 пайыздан ашыгын түзбөшү керек.

"Гендер" (gender) сөзү бизге англис тилинен келген жана адамдын биологиялык жынысын сүрөттөгөн sex сөзүнөн айырмаланып, социалдык жыныс деп аталган нерсени мүнөздөйт. Башкача айтканда, "гендер" сөзү эркек менен аялды эмес, "эркек" жана "аял" түшүнүктөрүн билдирет, башкача айтканда, коом ар бир жыныска берген сапаттар же мүнөздөмөлөр жөнүндө сөз болуп жатканын так түшүнүп алыш керек. Тагыраак айтканда, "гендер" – бул адатта аял же эркектин жүрүм-турумунун калыптанышына алып келген стереотиптердин комплекси.

"Гендер" түшүнүгүнүн тамыры терең жана ар бир маданияттын алкагында да, түрдүү маданиятта да ар башкача кабыл алынат. Болгондо да убакыттын өтүшү менен бул түшүнүк өзгөрүлүп турат. Мисалы, "чыгыштын" эркектери менен аялдарынын жүрүм-турум эрежелери "батыштыктардан" айырмаланат. 19-кылымда кыргыз эркектери менен аялдарынын арасында болгон жүрүм-турум ченемдери азыркыдан бир кыйла айырмаланат.

Типтүү жүрүм-турум модели менен бирге эркектер менен аялдар жынысына эч кандай тиешеси жок жана өзгөрүлө турган мүнөздөмөлөргө ээ болушат, мисалы:

- Ар кандай жашоо узактыгы - Кыргызстанда эркектердин орточо өмүр узактыгы (63 жаш), бул аялдарга караганда (72 жаш) 9 жылга аз;
- Ар кандай эмгек акы (аялдардын орточо айлыгы эркектердикине караганда 25 пайызга төмөн).
- Акы төлөнбөгөн үй жумуш (аялга 4,2 сааттай убакыт талап кылынат, бул эркектерге караганда 3 эсе көп)
- Бир тараптуу тарбия (балдар менен көбүнчө аялдар алектенишет)
- Аялдар эмоционалдуу, эркектер сезимдерин сыртка чыгарышпайт жана агрессивдүү
- Кылмыштын "эркек" жүзү (камалгандардын көпчүлүгү эркектер)
- Айрым адамдардын (адатта булар – аялдар) финансылык көз карандылыгы, кээ бир адамдардын күнүмдүк турмушта алсыз болушу (адатта булар – эркектер)

Ошентип, гендер – бул аялдардын жана эркектердин социалдык жүрүм-турумун, алардын бири-бири менен болгон мамилесин аныктоочу маданий мүнөздөмөлөрдүн белгилүү бир жыйындысы.

**Гендердик теңсиздик** - бул социалдык түзүлүштүн мүнөздөмөсү, ага ылайык ар кандай социалдык топтор (биздин учурда – аялдар менен эркектер) туруктуу айырмачылыктарга ээ жана натыйжада коомдо бирдей эмес мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Бардык маданияттарда гендердик фактор аялдар менен эркектерге берилген бийликтин жана ресурстардын деңгээли менен аныкталат.

Гендердик теңсиздиктин негизги себеби болуп гендердик стереотиптер саналат, б.а. аялдардын жана эркектердин жүрүм-турум нормалары жөнүндө коомдо калыптанып калган түшүнүктөр.
"Алтын баштуу аялдан, бака баштуу эр артык" деген макал бул стереотиптердин аялдарга тийгизген терс таасиринин айкын мисалы болуп саналат. Мисалы, ушул стереотиптин айынан шайлоого адам катары да, кесипкөй сапаттары боюнча да жогору турган аял катышып жатса да, элеттиктер эркекке добушун беришет.

Ушул стереотиптердин эркектерге тийгизген терс таасирлери да бар. Мисалы, эркектер арасында аракечтиктин деңгээли жогору, өз жанын кыйгандардын саны көбүрөөк. Себеби эркектерге өтө көп үмүт артылгандыктан, алар бул үмүттөрдү актай албай, коомдо жогорку статуска жетише алышпай, жумуш жок, үй-бүлөсүн бага албай кыйналышат ж.б.

Жергиликтүү жамааттын түздөн-түз катышуусунун мыйзамдык кепилдиктери жана формалары аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди[1] чечүүгө жарандардын катышуусун камсыз кылган ЖӨБ органдары катышуучулардын курамынын гендердик балансын сактоого милдеттүү. Жергиликтүү элди тартуу, б.а. гендердик өңүттөрүн эске алуу менен коомдук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бир көрүнүшү жана жергиликтүү жамааттын социалдык-экономикалык өнүгүүсү анын натыйжаларына көз каранды болот.

Муниципалитеттерде өткөрүлгөн коомдук иш-чаралар төмөнкүлөр:

1. **Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо** (ЖМБА) – бул жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жамааттын артыкчылыктуу көйгөйүн аныктап чыгуу боюнча ЖӨБО менен жергиликтүү жамааттын биргелешкен иш процесси.

2. **Айылдык чогулуштар** жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн пикирлерин эсепке алуу максатында өткөрүлөт.

3. Жергиликтүү жамааттын **курултайлары** жергиликтүү маанидеги маанилүү маселелер боюнча жамааттык чечимдерди кбыл алуу үчүн чакырылат.

4. **Коомдук угуулар** – бул жамааттын жашоосундагы маанилүү маселелерди талкуулоо; элдин пикирин эсепке алуу менен оптималдуу жана тең салмактуу чечимдерди кабыл алуу үчүн сунуштарды жана пикирлерди чогултуу.

5. **Биргелешкен мониторинг жана баалоо (БМжБ)** ЖӨБ органдарынын муниципалитеттерди өнүктүрүүнүн пландарын жана программаларын ишке ашыруу маселелери боюнча ишинин ачыктыгын жана маалымдуулугун камсыз кылуу максатында жүргүзүлөт; жергиликтүү бюджеттин, жамааттын, донордук уюмдардын каражаттарын натыйжалуу пайдалануу ж.б.

Коомдук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү этаптарында кандай гендердик өңүттөрдү эсепке алыш керектигин карап көрөлү.

## 1-этап. Коомдук иш-чараларды өткөрүү демилгесин көтөрүү

Демилгечи катары ЖӨБО да, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнөн турган демилгелүү топ да боло алат. Коомдук иш-чаранын демилгечиси ЖӨБО болгондо, аны уюштуруу жана өткөрүү маселелери, эреже катары, ЖӨБ органдарынын кызматкерлерине жүктөлөт. Бирок ЖМБА жана БМжБ өткөрүүдө АӨнүн/мэриянын же жергиликтүү кеңештин тийиштүү ченемдик укуктук актысы менен жумушчу топ түзүлөт. Анын курамына ЖӨБО кызматкерлери жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү киришет. Бул жумушчу топтун курамы гендердик тең салмактуу болушу керек.

## 2-этап. Коомдук иш-чаралардын катышуучуларын аныктоо

Муниципалитеттин бардык жашоочулары айылдык чогулуштар жана коомдук угуулар сыяктуу коомдук иш-чараларга чакырылат, бирок катышуучулардын тизмеси түзүлөт. Бул тизмелер гендердик тең салмактуу болушу керек. Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоодо катышуучулардын тизмесин социалдык топтордун ар түрдүүлүгүн эске алуу менен түзүү керек. Б.а. жынысына, жашына, динине, этностук өзгөчөлүктөрү ж.б. белгилерине жараша өкүлчүлүктү камсыз кылуу зарыл. Ошондой эле коомдун өзгөчө аялуу катмарынын өкүлдөрү, мисалы, жону жука үй-бүлөлөр, этникалык азчылык топторуна кирген аялдар, жалгыз жашаган карылар, жалгыз бой энелер, жумушсуз жаштар, майыптар ж.б. чакырылат.

Бирок ЖМБА методологиясы бир тектүү топторду, б.а. бир жыныстагы же курактагы адамдардан турган топторду түзүүгө мүмкүндүк берерин эсепке алыш керек. Бул ыкма ЖМБА иш-чараларын өткөрүүдө тигил же бул жыныстагы адамдардын катышуусу төмөн пайызды көрсөткөн муниципалитеттерде колдонулат. Мунун себептерин аныктап, эркек болобу, аял болобу, аз катышкан жыныстын өкүлдөрүнүн катышуусун көбөйтүү үчүн атайын иш-чараларды өткөрүү сунушталат.

Эгерде аялдар иш-чарага катышып, бирок ЖМБА сессияларында талкуу процессине жигердүү катышпаса, анда аялдар үчүн гана кошумча сессияларды өткөрүү сунушталат. Анткени айыл жериндеги аялдар өз оюн ачык айтуудан тартынышат. Мындай кошумча сессия аялдардын катышуусуна ыңгайлуу шарт түзүп бере алат.

Чогулуштарды/коомдук угууларды өткөрүүдө жергиликтүү жамааттын бардык катмарынын өкүлчүлүгүн камсыз кылуу керек. Чогулушка/коомдук угууларга катышкандардын санында калктын ар кандай топторунун өкүлдөрү болушу керек деген шартты сактоо керек. Башкача айтканда эркектер менен аялдар, кары-картаңдар жана жаштар, ушул аймакта жашаган бардык улуттардын өкүлдөрү кирүүгө тийиш. Эреже боюнча, ЖӨБ органдары бүткүл калктын да, аялдар сыяктуу айрым топтордун да жигердүүлүгүнүн деңгээлин билишет. Эгерде муниципалитеттин тажрыйбасында коомдук иш-чараларга белгилүү топтордун өкүлдөрү жетиштүү катышпаса, анда бул иш-чаралардын катышуучуларынын курамында гендердик тең салмактуулукту камсыз кылуу үчүн кошумча чараларды көрүш керек.

Практика көрсөткөндөй, эркектерге караганда аялдар жергиликтүү жамааттын иштерине ойдогудай деңгээлде катышпайт. Жергиликтүү жамааттын иштерине аялдардын төмөнкү деңгээлде катышуусунун себептери:
• Аялдарга үч эсе көп жүк артылган (үзүрлүү эмгек, репродуктивдүү иш жана бир уруунун мүчөлөрүнүн, жергиликтүү жамааттын ортосундагы байланыштарды жана мамилелерди бекемдөө иши ж.б.);
• Аялдарды басмырлаган салттуу гендердик стереотиптердин үстөмдүгү;
• Ресурстарга жеткиликтүүлүктүн төмөндүгү же таптакыр жоктугу (анын ичинде убакыттын да жоктугу);
• Алдыда боло турган иш-чаралар, жолугушуулар жөнүндө маалыматтын жетишсиздиги;
• Өзүнө болгон ишенимдин жоктугу;
• Эл алдына чыгып сүйлөөгө даяр эместиги;
• Бардыгы алдын-ала чечилип калган деген ойдо болгондугу
• Катышууну каалабастык – “мага баары бир” ж.б.

## 3-этап. Иш-чара өтчү жерди аныктап алуу

Эгерде иш-чара (чогулуш, коомдук угуулар) имараттын ичинде өтсө, анда температуралык режим сакталууга тийиш, б.а. катышуучуларга суук тийбеши үчүн бөлмөнүн ичи муздак болбошу керек, ошондой эле өтө ысык жана аба жетпегендей болбоого тийиш.

Коомдук иш-чараны ийгиликтүү өткөрүп алуу үчүн тандалган жай чоң мааниге ээ. Ал ыңгайсыз болсо, катышуучулар иш-чарадан чыгып кетиши мүмкүн, күн тартибиндеги маселелерге тийиштүү көңүл бурулбай калат жана иш-чаранын жыйынтыгына жетпей калуу коркунучу бар. Мындан улам экинчи кырдаал жаралат: иш-чаранын катышуучуларынын бир бөлүгү чыгып кетсе, калган катышуучулар гендердик жактан тең салмактуу болбой калышы ыктымал.

Ошондой эле иш-чара өтө турган жайдын жайгашкан жерин, транспорт менен же жөө жетип алуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу керек. Тургундардын жетүүгө кыйын болгон жерлерге келип катышуусун камсыздоо үчүн транспортту уюштуруп, же башка кошумча чараларды көрүү сунушталат.

## 4-этап. Иш-чараларды өткөрүү убактысы

Иш-чаранын убактысын белгилеп жатканда ошол убакытта бул иш-чарага мүмкүн болушунча көбүрөөк сандагы катышуучулар келип береби же жокпу деп сурап көрүшүңүз керек. Мисалы, эгер бул кечки саат болсо жана бул убакыт уй сааган, кечки тамакты даярдаган мезгилине туура келсе, анда чакырылган аялдардын көпчүлүгү келбей коёт. Эгерде ошол маалда футбол көрсөтүлүп жатса, же намаз сааты болсо, анда эркектер келбейт ж.б. Эгерде сиз иш-чараны айылдыктар көбүнчө айыл чарба продукциясын сатуу үчүн базарга барганда же айылда куран окутулуп жатканда өткөрсөңүз, анда көпчүлүгү келбей калаары анык.

Ошентип, иш-чаранын убактысы анын катышуучуларынын келишин камсыз кылуучу маанилүү фактор болуп саналат. Көпчүлүк учурда уюштуруучулар мындай иш-чаралардын катышуучуларынын арасында аялдардын аз болгонун алардын активдүүлүгүнүн төмөндүгү жана кызыгуунун жоктугу менен түшүндүрүшөт. Бирок мунун себеби таптакыр башкада. Тактап айтканда, иш-чаранын убактысы аялдар ошол маалда канчалык бош же бош эмес болгонун эске албай белгиленет. Айыл жеринде жумуш убактысы белгиленген негизги уюмдар жана мекемелер – мектептер жана медициналык мекемелер. Бул жерде негизинен аялдар иштейт, болгондо да алар айылдагы эң жигердүү жана билимдүү адамдар. Ал эми кечинде бул аялдар үй-бүлөдөгү гендердик ролдорун аткаруу менен алек болушат.

Иш-чараны пландаштырганда анын жалпы узактыгы күн тартибине жараша 1-3 сааттан ашпашы керек. Узак убакытка созулган коомдук иш-чараларды эл убакытты текке кетирүү катары кабылдашы мүмкүн жана кийинки коомдук иш-чараларга катышкандардын саны азайып калышы ыктымал. Коомдук иш-чараларга алдын-ала даярданып, карала турган маселелердин тизмесин кылдаттык менен аныктап, иш-чаранын регламентин так сактоо сунушталат.

## 5-этап. Иш-чарага даярдык көрүү

Эч бир иш-чара өзүнөн-өзү өткөрүлбөстүгүн, сапаттуу иш-чараларды бир адам уюштурбай турганын эске алсак, эреже катары, коомдук иш-чараны уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топ түзүлөт, алардын функциялары жана милдеттери бөлүштүрүлөт. Бул жумушчу топту түзүүдө гендердик тең салмактуулукту эске алуу керек.

## 6-этап. Коомдук иш-чаранын күн тартибин даярдоо жана күн тартибиндеги негизги маселелер боюнча презентацияларды, баяндамачыларды жана алып баруучуларды даярдоо

Мисалы, чогулуштун күн тартиби буларды камтышы керек:

1. талкуу жана БАП долбоорун тандап алуу;
2. КТКны чогултуп, чыгарууга жүргүзүлгөн мониторинг тууралуу отчет;
3. сугат суу көйгөйүн талкуулоо, суу үчүн акчанын чогултулушу боюнча отчет.

Күн тартибинин өзү гендердик жактан бейтарап болушу мүмкүн. Бирок күн тартибиндеги негизги маселелер боюнча презентацияларды даярдоодо сөзсүз түрдө гендердик өңүттөргө басым жасоо керек. Сөз сүйлөгөн адамдарды жана баяндамачыларды даярдап жатканда иш-чарада эркектер да, аялдар да бирдей чыгып сөз сүйлөй алышына мүмкүнчүлүк берилиши керек.

Мисалы, күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча: 3 долбоордун ичинен (1) жолдорду оңдоо, (2) мектептин жылытуу системасын оңдоо жана (3) футболдук аянтчаны куруу. Артыкчылыктуусун тандап алуу процессинде 2-долбоор тандалып алынды. Себеби акыркы жылдары кыш мезгилинде мектеп аябай суук болуп, ушул долбоордун ишке ашышы балдар үчүн гана эмес, кызматкерлер үчүн да, алардын көпчүлүгү аялдарга ыңгайлуу шарттарды түзүп берет. Ал эми үчүнчү долбоор дароо четке кагылды, анткени анын таасири (долбоордун негиздемесинде көрсөтүлгөнүнө караганда) аз сандагы эркектерге багытталган. Б.а. кароого коюлган долбоорлорду даярдап жатканда бул долбоордун аялдар менен эркектерге тийгизчү таасири эске алынган. Ушул маселе боюнча баяндаманы даярдап жатканда гендердик өңүттөрдү эске алуу менен чечим кабыл алуу керектигин, б.а. долбоордун эркектер менен аялдарга таасири кандай болгонун билүү зарыл экенин айтыш керек.

Күн тартибиндеги үчүнчү маселе боюнча, сугат суу көйгөйлөрүн талкуулоодо, аял башында турган үй чарбаларында суунун жеткиликтүүлүгү кандай болгонуна өзгөчө көңүл буруу керек. Анткени үй-бүлөдө эркек кишинин жоктугуна байланыштуу аялга кошумча милдеттенмелер жүктөлөт. Ошентип, коомдук иш-чараларда аялдар да кызыкдар болгон маселелер каралат.

## 7-этап. Маалыматтык иш-чаралар

Катышуучулар арасында гендердик тең салмактуу өкүлчүлүктү камсыз кылуу үчүн ЖӨБ органдары калкты коомдук иш-чаралар жөнүндө маалымдоо жана кабарлоо үчүн ар кандай каражаттарды колдонушу керек. Мисалы, аялдардын катышуу деңгээлинин төмөндүгүнүн себептеринин бири маалыматтын начардыгы болушу мүмкүн. Аялдарды, анын ичинде үйдө отурган жана балдарын баккан аялдарды көбүрөөк тартуу үчүн аялдар кеңешинин, айылдык ден соолук комитеттеринин, мектептердеги ата-энелер комитеттеринин, бейөкмөт уюмдардын, көчө комитеттеринин ж.б. өкүлдөрү аркылуу маалыматтарды жайылтуу сунушталат. Ошондой эле лидер аялдар, мугалимдер жана бала бакчалардын тарбиячылары менен иштөө аялдарды көбүрөөк тартуунун натыйжалуу ыкмасы болуп берет.

Маалыматтык өнөктүктө айылдык чогулушка же коомдук угууларга "чейин" афишаларды, чакыруу баракчаларын жана бюллетендерди колдонуу эң жеткиликтүү жол болуп саналат. Афишаларды жана бюллетендерди даярдап жатканда, эреже катары, ар кандай сүрөттөр колдонулат. Анда адамдардын сүрөттөрү болсо, анда алар да гендердик тең салмакта болушу керек. Мисалы:



**Сунушталбай турган вариант**



**Сунушталган вариант**

Жеке кабар берилип, чакырыла турган потенциалдуу адамдардын тизмеси түзүлүп жатканда бул тизме гендердик тең салмактуулукка ээ болушу керек.

Чогулуштан «кийинки» маалыматтык өнөктүк – бул бери дегенде иш-чара маалында түшкөн суроолор жана сунуштар жөнүндө маалымат берүү; суроолордун жана сунуштардын маңызын жеткирүү; алар аткарууга кабыл алынганбы же жокпу ж.б. кабарлоо. Ошол эле учурда гендердик өңүттөр да эске алынышы керек. Мисалы, сунуштарды берген адамдын аты-жөнү көрсөтүлгөндө, аялдар тарабынан берилген сунуштарды кошуу туура болот.

## 8-этап. Иш-чараны документтештирүү

Бардык коомдук иш-чараларды өткөрүп жаткан маалда катышуучулардын жынысы жана жашаган жери боюнча бөлүштүрүлгөн маалыматтарды топтоо сунушталат. Бул катышуучулардын санын ишенимдүү түрдө эсептөөгө мүмкүндүк берет. Ошондой эле андан ары талдоо жүргүзүүгө жана калктын катышуусун жакшыртууга багытталган кошумча тиешелүү чараларды иштеп чыгуу үчүн маалымат керек болот. Бөлүштүрүлгөн маалыматтардын жоктугу кошумча чараларды натыйжалуу иштеп чыгууну чектеген маалыматтык боштукту жаратат. Мисалы, бөлүштүрүлгөн маалыматтардын жардамы менен кайсы райондордон, айылдардан аялдардын же эркектердин өкүлчүлүгү эң аз болгонун аныктап, бул райондон аялдардын же эркектердин катышуусун жогорулатуу боюнча кошумча чараларды көрүүгө болот.

# Контролдук суроолор

Муниципалдык деңгээлдеги коомдук иш-чараларды уюштурууда жана өткөрүүдө гендердик өңүттөр эске алынышы үчүн төмөнкүдөй контролдук суроолорго жооп беришиңиз керек:

- Катышуучулардын тизмеси жынысына, жашына жана этностук өзгөчөлүктөрүнө жараша тең салмактуубу?
- Иш-чарага аялдар менен эркектердин бирдей катышуусу кантип камсыздалат?
- Иш-чаранын күн тартибиндеги маселелер калктын кайсы топторуна багытталат (аялдарга гана, эркектерге гана, экөөнө тең, калктын башка топторуна)?
- Калктын ар бир тобу боюнча, айрыкча коомдук иш-чараларды өткөрүүдө гендердик тең салмактуулукту камсыз кылуу боюнча кандай маалыматтар бар?
- Иш-чаранын күн тартибиндеги маселелер таасирин тийгизе турган адамдар менен кеңешүүлөр болду беле жана бул процессте гендердик тең салмактуулукту камсыз кылууга кандай көңүл бурулду?
- Иш-чаранын күн тартибин түзүп жатканда аялдар менен эркектердин муктаждыктары жана кызыкчылыктары кантип эске алынды?
- Коомдук иш-чараларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн бардык этаптарында гендердик баланс сакталдыбы?
- Кандай социалдык, укуктук жана маданий тоскоолдуктар аялдарга же эркектерге иш-чарага катышуусуна жолтоо болушу мүмкүн?
- Иш-чаранын күн тартибинде каралган маселелер боюнча талкуунун жыйынтыктарын аныктоодо аялдардын жана эркектердин пикири эске алындыбы?
- Белгиленген максаттарга жетүүгө аялдардын же эркектердин бирдей катышуусу кандайча жардам берет?